УДК 37;372.8;372.882;373.1 https://doi.org/10.56122/..v1i2.193

# БАЛА ЫРЧЫ ЖАНА АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨСҮШҮНӨ ТААСИР ЭТКЕН ЫРЧЫЛАР ПЛЕЯДАСЫ

***Муратов Абдыкерим Жаркынбаеви,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы,Бишкек шаары,***
***E-mail: Bashredaktor@mail.ru***

***Саттарова Азиза Тешабаевна,***
***педагогика илимдериинин доктору,профессор,***
***М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ош шаары,***
***E-mail:aziza.sattarova.1965@mail.ru***

***Аннотация:*** *Бул макалада эл арасына «Бала ырчы» деген ат менен таанымал болгон Сыдык Алайчы уулунун акын, агартуучу жана адам катары калыптанышына таасир эткен устаттары, аны менен үзөңгүлөш жүргөн ырчы теңтуштары тууралуу сөз болот. Кыргыз ырчылар чыгармачылыгында «устат-шакирт» проблемасы чоң мааниге ээ болсо да, бул маселе адабияттаануу илиминде анчалык изилденбей келет. Мындай изилдөөнүн максаты жана милдеттери чыгармачыл адамдардын бири-бирине таасирин, өрнөктүү адамдардын башка адамдарга көрсөткөн үлгүсүн ачып берүү болуп эсептелет. Авторлор теманы изилдөө үчүн адабиятчылардын эмгектери менен бирге эле өздөрүнүн жеке ой жүгүртүүлөрүн жана ырчынын чыгармаларын колдонот. Практик адабиятчылар айткан ойлор ырчынын чыгармачылыгын дагы ар тараптуу түшүнүүгө жардам берет.Макала жогорку окуу жайынын студенттерине, аспиранттарга, магистрлерге, адабият изилдөөчүлөргө жана мектептин кыргыз адабияты мугалимдерине арналат.*

***Түйүндүү сөздөр*****:** *ырчы, төкмө, поэтикалык текст, айтыш, сөз өнөрү, устат, шакирт, адабий таасир, типологиялык салыштыруу*

# БАЛА ЫРЧЫ (ЮННЫЙ ПЕВЕЦ) И ПЛЕЯДА ПЕВЦОВ, КОТОРЫЕ ПОВЛИЯЛИ НА ЕГО ТВОРЧЕСКИЙ РОСТ

***Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызский государственный университет им.ени И.Арабаева,***
***КыргызскаяРеспублика, город Бишкек,***
***E-mail:Bashredaktor@mail.ru***

***Саттарова Азиза Тешабаевна,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Ошский технологический университет имени М.М.Адышева,***
***Кыргызская Республика, город Ош,***
***E-mail:Aziza.sattarova.1965@mail.ru***

***Аннотация:****В данной статье рассказывается о наставниках сын СыдыкаАлайчы, известного в народе как «Певец Бала», повлиявших на его становление как поэта, просветителя и личности, а также о его коллегах-певцах, игравших вместе с ним. Хотя проблема «учитель-ученик» имеет большое значение в творчестве кыргызских певцов, в литературоведении эта проблема мало изучена. Цель и задачи таких исследований – выявить влияние творческих людей друг на друга, пример, который образцовые люди подают другим людям. Для исследования темы авторы используют свои личные размышления и творчество певцов, а также произведения литераторов. Мысли, высказанные писателями-практиками, помогают более комплексно понять творчество певца.Статья предназначена для студентов*

*вузов, аспирантов, магистров, литературоведов и школьных учителей кыргызской литературы.*

***Ключевыеслова:*** *певец, состав, поэтический текст, речь, искусство речи, мастер, ученик, литературное влияние, типологическое сравнение.*

## THE YOUNG SINGER AND THE GROUP OF SINGERS WHO INFLUENCED HIS CREATIVE GROWTH

***Muratov Abdykerim Zharkynbayevich,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Kyrgyz State University named after I.Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail:Bashredaktor@mail.ru***

***Sattarova Aziza Teshabaevna,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Osh Technical University named after M. Adishev,***
***Kyrgyz Republic, Osh city, E-mail:Aziza.sattarova.1965@mail.ru***

**Annotation:***This article tells about the mentors of SydykA laychy uulu, popularly known as "YrchyBala", who influenced his development as a poet, educator, and personality, as well as about his fellow singers who played with him. Although the problem of "teacher-student" is of great importance in the work of Kyrgyz singers, this problem has been little studied in literary criticism. The goal and objectives of such studies are to identify the influence of creative people on each other, and the example that exemplary people set for other people. To study the topic, the authors use their reflections and the creativity of singers, as well as the works of writers. The thoughts expressed by practicing writers help to more comprehensively understand the singer's work.The article is intended for university students, postgraduate students, masters, literary scholars and school teachers of Kyrgyz literature.*

***Key words:****singer, composition, poetic text, speech, the art of speech, master, student, literary influence, typological comparison.*

**Киришүү.** Кыргыз адабиятында өз орду болууга тийиш болсо да, XX кылымдын 80-жылдарына чейин эле Ош шаарына танапташ айылда жашап келсе да, ырлары толук кагазга же магнит тасмаларына, аудиовидео дисктерге жазылып алынбай калган, китептери чыгарылбай жүргөн акындардын бири – Сыдык Алайчы уулу. Ал мунгушуруусунун годогочун уруктары жашаган азыркы Кара-Суу районунун Кыргыз-Чек айылында 1894-жылда туулган. Ырчы эки кылымды, эки доорду көргөн. Ал төгүп да ырдаган, ырларын жаза да билген сабаттуу инсан болгон.

Сыдык Алайчы уулу жашаган аймак бир жагынан тоолуу Алай жергеси, экинчи жагынан Фергана өрөөнү менен кесилишкен жер болуп, тоолук жана чөлдүк, кыргыздык жана өзбектик цивилизациянын тогошкон точкасы эле, анан калса, байыркы Жибек Жолунун тутумдашуу түйүнү, Батыш менен Чыгышка, Түндүк менен Түштүккө өткөн кербендердин конок жайлары орун алган Ош шаары да акындын күндө, күн алыс келип турган ордосу катары анын калыптануусуна таасир эткен. Мына ушундай географиялык алкакта жашаган болочок ырчы бала күнүнөн ар кандай көз караштагы, ар кандай тилдеги адамдардын чөйрөсүндө жана алардын таасиринде чоңойгон. Анын чыгармачылыгын изилдеген кезде ал Токтогул, Барпы, Ботобай, Ташмат, Арзыбай, Амира деген ырчылар менен чыгармачылык жана жеке турмуштук байланышта болгондугуна күбө өтөбүз.

**Максаты:** Кыргыз элдик акындар поэзиясындагы Сыдык Алайчы уулунун поэтикалык дүйнөсүнүн маанисин жана анын чыгармачылыгына таасир эткен башка ырчылар менен байланышын ачып берүү.

**Методдор:** адабияттарды талдоо; анализ жана синтез; ырчылар чыгармачылыгын типологиялык салыштыруу; текстти интерпетациялоо.

**Негизги текст.**

**Ботобай жана Сыдык.** Жашынан жетим калып, ар кимдин малын багып жүргөн Сыдыктын балалык чагынын көп күндөрү Анжиан кыргыздарынын арасында өткөн, албетте, ал кезде Өзбекстан деп аталчу эмес, «анжиандык кыргыздар» деп аталчу. Мына ошол пляданын көрүнүктүү өкүлү Жунус уулу Ботобой болгон. Ал 1861-жылы туулган Сыдык ырчыдан 34 жашка улуу. Туулган жери азыркы Өзбекстандын Анжиан вилаятынын Кожо-Абад түмөнүнө караштуу Каныя-Бостон деген кыштак. Уруусу – ичкиликтердин бостону. Ал Орозаалы деген Кокон ханы Кудаярдан ордосунда да ырдап жүргөн атактуу акындын таасирин алган. Мына ошол Ботобай ырчы эл арасына кадыр-барк күтүп жүргөндө Булак-Башыдагы Коргончо деген жерде Курбанбай дегендин тоюнда Сыдыкты көрөт. Бала анда он алтыга келип, жигит болуп калган менен дале мал артынан жүргөн кези экен. Анын ырын угуп, өзүн көрүп Ботобай бала ырчы Сыдыкты атасы Алайчынын карындашынын күйөөсү Абдибайит деген жездесинен сурап алып, жылына кырк сом сый акы төлөп турмак болуп, өзү менен ээрчитип кетет. Ботобай тага журтунда – Ноокаттын Кара-Таш айылында жашап жүргөндө да Сыдык ырчыны жанында алып жүрөт. Бул тууралуу белгилүү фольклор жыйноочу Буудайбек Сабыр уулу биз менен маектешүүдө мындай деп айтканы бар: «Ботобай кезегенде Токтогул, Калмурза, Барпы сыяктуу чоң акындардын бири болгон экен. Ноокаттан чыккан. Ошол кезде кара-суулук Бала ырчы Сыдык дегенди өзүнө шакирт кылып, учкаштырып алып, өзү менен баласындай жүрчү экен. Бир жолу ошентип шакирти менен келе жатып, боз үйдү көрөт, бир келин жүргөн, «шуну кошуп ырдачы» дейт. Анан шакирти ырдап кирет, угуп отуруп, «ээ жакшы болгон экенсиң» деп ыраазы болот. Ушул жерде ал ырчылыктын үч шарты бардыгын, ар дайым, ошону аткарууну суранат. Биринчиси – ырдаганы барганда келин-кыз келип калат, ошолорду карай бербегин дейт. Экинчиси – үй ээсинин уруксатысыз тамбашына чыгып, атыңа бир боо чөп да суурул алба деген насаатын айтат. Үчүнчүсү да бар эле, бирок мен унутуп калдым», - деп айтты[1, 16-17]. Ушул кепке караганда Ботобай шакиртине ырчылыктын гана эмес, адамгерчиликтин да жол-жобосун, элдик этикеттин маданиятын да үйрөткөн.

Ботобай Сыдык ырчыны 1912-жылы атактуу Сагын бийдин ашына ээрчитип барат, ал жерде баланын ким экенин Токтогул Сатылган уулуна айтып тааныштырат. Дагы бир жолу Аравандын болушу Мансуркулдун тоюнда айтышка чыгарат, 1913-жылы Маргалан шаарындагы Сайдамат байдын тоюнда Ботобай Сыдыкты ошол кездеги эң эле популярдуу өзбек ашулачиси Молдо Тойчу катышкан тойдо ырдатат.

Ырчылар чыгармачылыгында устаттын шакиртти тарбиялоосунун башкы методдорунун бири – «мендей кылып ырда» деген тапшырмасы. Анда шакирт устаты канча сап менен ырдаса, кандай тематикада ырдасы, кандай уйкаштарды пайдаланса, шакирти ошолорду кайталып отурат. Бул ыкма шакиртти бышырат, такшалтат. Мисалы, Ботобай менен Сыдыктын мындай терме айтышы жазылып алынган.

*Ботобай:*
Кебимди таштайм көлдөлөң,
Ээ, балам,
Кел, баштайлы, термеден.
*Сыдык:*
Баштасак майли, чоң ака,
Бош келер ага мен белем.
*Ботобай:*
Жаз айланып, күз келет,
Чилде чыкса муз кетет.
Буйлаланган нарга окшоп,
Буйрукка карап кыз кетет.
Паанай себеп табылып,

Басынткан оору дарт кетет.
Азары өтүп журтуна,
Азамат белдүү март кетет.
Алыстагы дос-жарга,
Ала кагаз кат жетет.
*Сыдык:*
Адамдан дөөлөт кайтканда,
Айдап жүргөн мал кетет.
Ак сакалын жайкалтып,
Айылдын көркү чал кетет.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Аманат баштан жан кетет.
Суюлуп жылдыз асмандан,
Супусаадык таң кетет.
*Ботобай:*
Улуктар түшсө ордунан,
Колунан амал-иш кетет.
Эңилтип бойду карылык,
Ээктен кашка тиш кетет.
Казасы жетип, күн бүтсө,
Калк башкарган зор кетет.
Ачылса бакты-таалайы,
Арылбаган шор кетет...[2, 132-138]

Мында Ботобай шакиртин терме айтышууга чакырып жатат жана ал «кетет» деген этиш сөздү ар бир ойдун аягында колдонду эле, аны Сыдык ырчы жакшы өздөштүрүп кайталап жана өркүндөтүп кетти.

Ушуга окшогон сыноо үчүн тапшырма берилген эки акындын айтыштары бир топ, алардын ичинде «Ботобайдын ак тайы» деген алым-сабак айтышы да жазылып, китептерге кирип жүрөт.

**Парпы апыз жана Сыдык.** Жаамы журтка төкмөлөр чыгармачылыгынын, анын ичинде сүйүү жана философиялык ырлардын классиги катары таанымал, айтыш өнөрүндө жаактууга жеңилбеген Аликул уулу Парпы апыздын да Алайчы уулу Сыдыктын чыгармачылык өсүүсүндө да өзгөчө орду бар. Экөөнүн бир окшош жагы болгон – экөө тең ырларын комузсуз (комуз коштоосуз) аткарган.

Парпы апыз менен Алайчы уулу Сыдыктын биринчи жолугушуусу Сыдык он сегиз жашка чыккан жылдары Жалал-Абад шаарына жакын Чаңгент деген жерде Шүкүралы деген киши атасына аш берген зыяпатта болгон. Кечки сыйлардын биринде Сары деген болуш, Кала деген бий, Калча деген манап ар бири он сомдон, жалпы отуз сом чыгарат да, ортого курдун үстүнө таштайт, ошол акчаны ким утса алмак болуп шерттешет. Ачыдан келген Парпы апыз «Даңкыңды угуп жүрчү элем, укканымча бар экен, тарбиялап өстүрсө, боло турган бала экен» деп келип, Парпы жаш Сыдыктын ыраң-башын шылдыңдайт. Ага бош келбей Сыдык каршысындагы кишиге карап «Башымдын айтып айыбын, адаштың бир аз сөзүңдөн, ажырап калган экенсиң, акактай болгон көзүңдөн» деп андан өтүп аны кемсинте ырдайт. Андан ары кордоо айтышы мындай уланат.

*Барпы:*
Жебелеген жети курт
Жеп кеткен сенин башыңды.
Кайын журтуң көрсүн деп,
Калтырыптыр кашыңды.
*Сыдык:*
Туз салгансып сөзүңдү,

Тукурасың өзүмдү.
Жебелеген жети курт
Сенин да
Жеп кетиптир көзүңдү.
Арасаат таштаптыр
Азиз кылып өзүңдү[3, 154-156].

Бул айтыштын чакан үзүндүсүнөн көрүнгөндөй Парпы атаандашынын башынын таздыгын, ал эми Сыдык каршылашынын көзү азиздигин алардын кемчилдиги, дене-боюнун кенемтеси катары айтып бири-бирин кордой баштайт. Көрүнүп тургандай, экөөнө тең чукугандай сөз тапкандык, болушунча кордоо мүнөздүү. Бул айтыш эмнегедир С.Кайыпов түзгөн «Эл ырчылары» деген жыйнакка 71 сап болуп кирсе[3, 154-156], Б.Апылов түзгөн «Барпы» деген акындын чыгармаларынын 1-томуна 37 сап менен гана кирген[4, 299-300]. Айтыштын акыры эки ырчы тең бири-бирин кордоону токтотуп, бири-бирин ынтымакка чакырган мотив менен чыгармаларынын финалына чыгат. Айтуудан ушул жолугушуудан Парпы апыз Ош тегерегинен келген Сыдык ырчыга баа берип, анын жүрүшү, бой-келбети, тартынбай, тайсалдабай ырдагы баладай болгону үчүн «Бала ырчы» деп атайт жана кийин ушул аты эл арасына жайылып кетет.

**Токтогул жана Бала ырчы.** Чыгармачылыкта, анын эң жогорку, уникалдуу формасы болгон төкмөлүк өнөрүндө устатчылык жана шакиртчилик феномени өзгөчө мааниге ээ болору түшүнүктүү. Бул жагынан биздин адабиятчылар Токтогул Сатылган уулунун улуу устат болгондугун, аны айланып-тегеренип, баш-аягы алтымыштай шакирт жүргөнүн айтып келет. Албетте, бул дүйнөлүк оозеки адабиятта сейрек кездешүүчү тагдыр-шыбага. Эгерде өзүнөн кыйын, өзүнөн таланттуу инсандар менен чыгармачылык алакада болбосо, кандай гана талант болбосун жоголот, ичтен ирийт, «устаттан шакирт өтүшү» үчүн ошондой татыктуу таланттардан таалим алышы керек болот. Бул кыргыз ырчылар чыгармачылыгынын айныгыс мыйзамы.

Токтогул менен Бала ырчы бир катар маалыматтарга караганда Сагын бийдин ашында жолугат.Сагын бий кадимки Жаныбек казынын атасы. 1869-жылы Өзгөндүн Көлдүк айылында туулган Жаныбек Сагымбаев Ак-Жар волостунда башчы (болуш) жана ислам шарияты менен мыйзам чыгарган казы болуп иштеп турган кезде, 1912-жылы Өзгөндүн Жазы суусунун баш жагында атасы Сагын бийге аш берилет. Ошол ашка Токтогул, Ботобай, Чойкара, Парпы, Сары ырчы ж.б. атактуу да, атаксыз да ырчылар келет. Арасында он сегизге чыга элек Бала ырчы да акындар менен кошо жүрөт. Сатылган уулу Токтогулду мына ошол ашта абдан жакындан көрүп гана калбай, анын насаатын угуп, ырдоо чеберчилиги менен таанышат.

Токтогул бул эки кылым бою көптөгөн ырчылар өздөрүндө топтогон ыр өнөрүнүн тажрыйбасын алып жүргөн өзгөчө талант болгон, Токтогулдун устаттары ири алды Чоңду, ал ыр өнөрүн, анын ичинде манасчылыкты, санатчылыкты, айтыштын түрлөрүн үйрөтүү менен бирге кыргыздын оң-сол жакшылары тууралуу айтып, этномаданий жана географиялык, тарыхый эмприкалык билимдерди да берген, Токтогул Таласка Чоңду менен жолугушууга барганда казактын Майкөт акыны, кыргыздын Эсенаман ырчысы менен айтышат, ошондо Чоңду Токого «сага эч ким тең келе албайт» деп баасын берген. Дагы бир устаты Ныязаалы, ал Токтогулга тагалардан болгон (апасы Бурма саруунун ичинде сатыкейдин кызы) жана комуз чертүүнүн, күү чыгаруунун сырларын үйрөткөн. Дагы бир устаты Сартбай Байжигит уулу, ал Таластын Кеңколунда жашаган акын, обончу, комузчу, кыл кыякчы. Казак тилин абдан жакшы билген, казакча ырдаган. «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш», «Жаныш-Байыш», «Ак Мөөр» дастандарын айткан. Ал ушул чыгармаларды айтып жатканда бүт тулку бою кыймылдап турчу экен. Көзүм өткөн соң ордумду ушул Токтогул басат дечү дешет. Дагы бир чоң ырчы Орозаалы. Токтогул аны менен учурашууга Алайга барып, үч күнү айтышат, аягында Орозаалы акын: «Жүзгө чыкканча үнүң бузулбасын» деп батасын берген[5, 45]. Дагы бир өнөр сырын үйрөткөн киши Нурмолдо Наркул уулу.

Кезегинде ал Найманбай, Жеңижок, Бекназар, Токтогул, Мыса, Эшмамбет, Барпы, Нурбай, Наркул, Айдараалы, Эшкожо ж.б. ар кандай курактагы жана деңгээлдеги акындар менен айтышкан. Пайгамбарлар, сабаалар тууралуу кыссаларын ыр менен жазган, ашкере динчил, илими жогору киши болгон. Ал азыркы Ала-Бука районундагы Кош-Терек айылында туулган жана диний билимди Намангандан алып, шарият жолун өтө терең билген такыба кишилерге шакирт болгон. Диний ыйык жайлар катары эсептелген Кашкар, Меке калааларында илимий билимин улантып, кожо даражасына жеткен. Ал бул дүйнө-тиги дүйнө, алал-арам, сооп-күнөө, бейиш-тозок ж.б. түшүнүктөрдү Курандын аяттары, пайгамбардын хадистери менен чечмелеп берген жана аларды ыр менен түшүндүргөн, Чыгыштын классикалык адабиятын түп нускада окуй алган. Акындын ырлары эл арасына өтө кеңири тараган жана анын ошол диний мистикалык, философиялык поэзиясын Токтогул жетик өздөштүргөн. Ал аркылуу кыргыз төкмө акындарына, анын ичинде Токтогулга Саади, Низами, Рудаки, Жами, Хаём, Руми ж.б. көптөгөн акындардын идеялары оошуп өткөн деп айтууга негиз бар.

Булардан башка да тили казакча чыгып, Таласка көчүп келген Жаныш ырчы, жумгалдык саяк Айтике ырчы, айтылуу Балыктын уулу Найманбай, солтодон Калмырза, анжиандык ырчылар Курман ж.б. таланттардын өнөр мурастары Токтогулга сиңимдүү болгон. Демек, Токтогулдун устаттары ага казак-кыргыз төкмөлөрүнүн салттуу өнөрүн үйрөтүшкөн көп жактуу мектеп болгон, алар сарыбагыш, саяк, адигине, муңгуш, мундуз, кушчу, саруу, солто ж.б. уруулук топтордун өкүлдөрү, казактын оозеки жана жазма адабиятын боюна сиңиргендер, Чыгыштын классикалык поэзиясын тулку боюна жеткире өздөштүргөндөр, диний аалымдар, ичкилик кыргыздарынын өкүлдөрү, кыргыздын салттуу маданиятын муундардан бери алып келе жаткан айтылуу жомокчулар, күүчүлөр, куудулдар, төкмөлөр ж.б. эле. Мына ошолор баары биригип улуу Токтогулду жаратты. А Токтогул алардын өнөрүн өзүндө чогултуп, алып жүргөн жана аларды өнүктүрүп башкаларга өткөрүп берген. Мына ошол өткөрүп алгандардын ичинде Сыдык Алайчы уулу да болгон.

Ошол Токтогулдун санат-насыят, терме ырларын Бала ырчы бир кыйла терең өздөштүргөндүгү көрүнүп турат, «Элдик насат-санат жана терме ырлары, элден чыккан таланттуу акындар менен ырчылар тарабынан түзүлүп, өркүндөтүлүп көркөмдүүлүгү жогорку деңгээлге жеткен чыгарма. Акындар менен ырчылар өздөрүнүн жашаган дооруна, өздөрүнүн көз карашына жараша санат жана терме ырларын жалпы элге кайрылып жеткире алышкан» – деп жазат А.Б.Кошбаев[6, 167-172]. Сагын бийдин ашындагы окуя тууралуу Сыдык ырчынын мындай дегени бар:

Ушундай топто сыналат
Акындын өткүр күлүгү.
Чабуулда бардаш бербестен
Чабалдын чыгат бүлүгү.
Топ ырчынын ичинде
Токтогул экен улугу.
Буудандыгын байкаткан
Буйдалбас басык тунугу.
Улуктугу билинди
Укту менин ырымды.
Сергек жан экен чынында,
Сурады абал чынымды[3, 157].

Ушул ырда айтылганга караганда Токтогул устат катары Сыдык Алайчы уулунун төккөндөрүн кунт коюп уккан. Угуп гана калбай жанында отурган Ботобайга Бала ырчы тууралуу «басыгы дурус, дасыгып кетер» деген жери бар экен. Бул уулу акындын он сегизге чыга элек жаш ырчыга берген батасы.

**Сыдык жана Ташмат ырчы.** Бул ырчы да өнөрү менен Ноокат, Араван, Ош чөлкөмүндө жакшы таанылган киши болгон. Фольклор таануучу Б.Кебекованын макаласында келтирилген Ноокаттагы Абдыкалык дегендин тоюнан чыккан кеп тууралуу бир үзүндү окуп

көрөлү: «Тойго Ботобай, Арзыбай, Ташмат, Бала ырчы (Сыдык) болуп, көп ырчылар келишип, баарынын кичүүсү катарында Сыдык ырдап жүрсө, Ташмат туурадан чыгып, жаш ырчынын сөзүн бөлөт. Ошондон айтыш уланат. Сыдык каршысынын коного жарабагандыгын, эч кимге пайдасы тийбей, бозо ичип семиргендигин айтып, элди дуу күлдүрөт.

Той болгон жерди пайлайсың,
Өлгөндөн кийин Ташмат сен,

Бир теше жерди майлайсың, - деген сөзүн катуу каткырык менен коштойт. Ташмат ызасына чыдабай, Сыдыкты урмак болуп, камчы көтөрөт, Бакир деген киши «чыдасаң ырдагын, баланы ура албайсың» деп арага тура калат. Ошондо Ботобай абалды жайгаруу үчүн ортого түшүп:

Шашылбай ырда, Бала ырчы,
Насыя кылбай Ташматка
Нак бергендей ырдайсың,
«Бозо кылып ичкин» деп,
Шак бергендей ырдайсың, - деп, шакиртин теске салат»[7, 326].

**Сыдык ырчы жана Арзыбай ырчы.** Арзыбай менен Бала ырчы Мансур болуштун тоюнда Араванда ырдашат. Тойдо болуш байгеге чобур ат, конокко арык кой ажыраткан экен, муну Сыдык ырчы бетине айтып салат, ошондо Мансур болушка Ноокаттын болушу Нурмат болуша кетип, Сыдык ырчынын ырын токтоттуруп, ыр кезегин Арзыбайга берип таштайт. Ошондо Бала ырчы Арзыбай менен үзөңгүлөш көп жүрүп ырдашканын, урматташып, сыйлашканын айтып, «эми эсирген болуш Нурмат сага жакын болуп калдыбы» дейт. Нурмат болушка жигиттери «муну эмне кылалы» дегендей ишаарат бергенде болуш баш чайкайт, ырчы эми Мансур таңыракай бучук киши экен, ошону кошуп ырдоого өтөт, Арзыбайдан Ноокаттын жакшыларын бир-бирден сурап кирет, «пайтободой салдасы, мала өгүздөй калдаси, саал эле калган паттаси Сасыкбай найыпты сурайт, Кош-Чандагы кош пучукту, Кашкалдактагы Эш пучукту, Кал Назарди, мурундан урган Таш пучукту, Муса, Телтай жаш пучукту, Тейиттеги мас пучукту, Акун найыпты, Каар биткорду, Байыш сүткөрду сурайт, ар бирине кордогон эпитеттерди кошуп сурайт. Бул ырчынын мындай жоругуна чыдабай кетип, Мансур болуш жер тээп тура калып, «тарт» деп кыйкырганда бир топ жигиттер Бала ырчыга камчы салышат[3, 152].

Ырчынын тагдыры, өзгөчө куйкум сөздүү ырчынын тагдыры ушундай болгон. Ушундай ырчы болуу үчүн ал устаттарынын өрнөгүн алган, алардын колдоосунда ар дайым турган. Бир ырчы менен алым-сабак айтышса, бир ырчы менен кордоо айтышына чыккан, башка бир ырчы менен табышмактуу суроо-жооп уюштурган.

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин адегенде большевиктер, кийин коммунисттер төкмө акындардын тагдырын тескери жолго салган: биринчиден, аларды эл аралап ырдоодо тематикаларын өзгөрткөн; экинчиден, төгүп ырдагандарды жазып ырдоого көнүктүргөн, мисалы, Калык Акиевдин тагдыры буга мисал; үчүнчүдөн, төкмө ырчыларды жана дагы башка элдик өнөрпоздорду колунда бийлиги, малы бар адамдар баккан, алар өздөрү менен ээрчитип жүрүп материалдык жана моралдык колдоо көрсөткөн, ошол малдуу-алдуулар кулакка тартылган соң колхоз-совхоздор мамлекеттик мүлктөрүн акындарга берүүнү кылмышкерлик катары карап, натыйжада, төкмөлүк өнөр бара-бара бийик өнөр катары каралбай, акырындап жоголо баштады. XX кылымдын 30-жылдарынан тартып төкмө ырчылар плядасы да кризиске учурады.

**Жыйынтыктап айтканда,** Түштүк Кыргызстанга XX кылымдын башынан тартып «Бала ырчы» деген ылакап ат менен таанылa баштаган Сыдык Алайчы уулу ырчылар плядасында өз орду бар таланттуу киши болгон, айрыкча анын айтыш өнөрүндөгү чукугандай сөз тапкандыгы, каршысында турган кишинин бай-кедейине, улуу-кичүүлүгүнө карабай сын айткандыгы менен угуучулардын бүйрүн кызыткан. Өкүнүчтүүсү, ырчынын чыгармаларынын көбү жазылбай калган, совет учурундагы ырларынын кыйласы тематикалык чектелүүгө

учурап, мезгил сынынан өтпөй калган. Алдында ырчынын чыгармаларын дагы таап, элге тааныштыруу, изилдөө, басып чыгаруу милдеттири турат.

**Адабияттар:**


1. Муратов А. Ноокаттан чыккан ырчылар. Тарыхый-адабий изилдөөлөр [Текст] / Муратов А., Кубанычбек уулу Н. – Б.: 2021. – 16-17-бб. – 144 б.
2. Айтыш. 2-том. «Айтыш» сериясы. [Текст] / Түз.: А.Акматалиев, М.Көлбаева. Б.: «Имак-офсет», 2015. – 232-238-бб.
3. Эл ырчылары. Ырлар [Текст] /Түз.: С.Кайыпов. – Ф.:1981. – 264 б.
4. Барпы. Чыгармалар. Iтом. [Текст] / Түз.: Б.Апилов. – Б.: 2008. – 299-300-бб. 384 б.
5. Таштемиров Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрү. Адабий изилдөөлөр [Текст] / Ж.Таштемиров. – Ф.: Адабият, 1989. – 45-б.
6. Кошбаев А.Б. Кыргыз эл акындарынын насаат жана санат ырларынын тарбиялык мааниси [Текст] / А.Б.Кошбаев // Вестник ОшГПУ имени А.Мырсабекова. – Ош, 2022. – №1 (19). 171-б. 167-172-бб.
7. Кебекова Б. Ботобай. китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 томдук. [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. 5-т. – Б.: Шам, 2002. – 326-б.


---

УДК 82-282 https://doi.org/10.56122/..v1i2.189

## СЫДЫК АЛАЙЧИЕВ – ӨЗ ДООРУНУН БЕЛГИЛҮҮ АКЫНЫ

**Орозалиева Таттуугүл Коңурбаевна - улук окутуучу**
**ОшМПУ** tattuugulorozalieva@Gmail.com

**Аннотация**

Сыдык Алайчиев – XX кылымдын ортосунда кыргыз адабиятында өзгөчөлөнгөн акын, акындык өнөрү аркылуу улуттук рухту, маданиятты жана адамдык сезимдерди чагылдырган. Анын чыгармачылыгы кыргыз поэзиясындагы социалдык темаларды жана адамзаттык моралдык-этикалык маселелерди терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бул макалада Алайчиевдин поэзиясынын өзгөчөлүктөрү, анын стилистикалык жана тематика жактан байлыгы, ошондой эле акындын коомдук-саясий турмуштагы ролу талданып, анын кыргыз адабиятындагы орду жана маани-маңызы көрсөтүлөт. Акын кыргыз поэзиясында өз изин калтырып, залкар акындардан таалим-тарбия алып, алар менен кошо эриш-аркак аш-тойлордо айтышка түшүп, аларды бирде жеңип, бирде аларга жеңилип отуруп, табиятынан таланттуу жаралган залкар акындар менен поэзияга сүңгүп кирип, ошол мезгилдин белгилүү акындарынан кем калбай ар түрдүү темадагы ырларды жарата алгандыгы камтылды. Айтор, Бала ырчынын андан ары өнөрү кулач жайгандыгы жөнүндө кенен сөз болду.

***Түйүндүү сөздөр*:** поэзия, поэзия, параллелизм, индивидуалдуу, проблема, пафос, доор, дидар, шаан-шөкөт.

## СЫДЫК АЛАЙЧИЕВ - ИЗВЕСТНЫЙ ПОЭТ СВОЕГО ВРЕМЕНИ

**Орозалиева Таттуугүл Коңурбаевна – ст.преп.**
**ОшГПУ** tattuugulorozalieva@Gmail.com

Сыдык Алайчиев-поэт, выделившийся в середине XX века в кыргызской литературе, через свое поэтическое искусство отразивший национальный дух, культуру и человеческие чувства. Его творчество дает возможность глубоко изучить социальные темы и человеческие морально-этические проблемы в Кыргызской поэзии. В данной статье анализируются особенности поэзии Алайчиева, ее стилистическое и тематическое богатство, а также роль поэта в общественно-политической жизни, его место и значение в кыргызской литературе.